## "Баткен мамлекеттик университети" мекемесинин Кызыл-Кыя технология, экономика жана укук институтунун жогорку кесиптик билим берүү программаларын программалык аккредитациялоонун жыйынтыктары боюнча тышкы баалоо боюнча эксперттик комиссиянын корутундусу

**Төрага:** ____________ колу — Исманов Медербек Марипжанович
Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университети, "Машина таануу жана энергетика" кафедрасынын профессору, КР Инженердик академиясынын академиги, т.и.д.

**Комиссия мүчөлөрү – билим берүү программалары боюнча эксперттер**

| № | Программанын аталышы | Шифр | Эксперттердин аты-жөнү | Колу | Иштеген жери, кызматы, ил.даражасы, ил.наамы. |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Транспорттук процесстердин технологиясы (бакалавр) | 670300 | Исманов Медербек Марипжанович | | Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университети, "Машина таануу жана энергетика" кафедрасынын профессору, КР Инженердик академиясынын академиги, т.и.д. |
| 2. | Электроэнергетика жана электротехник (бакалавр) | 640200 | Джолдошева Толгонай Джапаровна | | ОшТУ, Энергетика факультети, "Электр жабдуулары жана энергетикасы" кафедрасы, т.и.к., доцент. |
| 3. | | | Кадыров Артурбек Сайдуллаевич | | "Кыргызстандын улуттук электр тармагы" ААК филиалы, Ош электр тармактар ишканасы, т.и.к., доцент. |

**Референт:** ____________ колу — Чолпонбаева Назгул Шалтаковна
ББПУАА, кесиптик билим берүү боюнча менеджери.

**20.05.2025 ж.-21.05.2025 ж.**

**БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ББПУАА)**

**"Баткен мамлекеттик университети" мекемеси**
**Кызыл-Кыя экономика, укук жана технология институтунун төмөнкү жогорку кесиптик билим берүү программаларын тышкы баалоо боюнча алдын ала жыйынтыктары:**

- **670300 Транспорттук процесстердин технологиясы (бакалавр)**
- **640200 Электроэнергетика жана электротехника (бакалавр)**

## 1 – Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү

**Алсыз жактары:**

1. Аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча негизги кесиптик билим берүү программасы толуктоону талап кылат. Кызыкдар тараптардын суроо талаптарын эске алуу менен түзүлгөн максаттары так аныкталган эмес.
2. Окуу процессин жакшыртуу, студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо үчүн мониторинг жүргүзүү процесси жөнгө салынган эмес.
3. Программанын мазмунун иштеп чыгууга жана кайра карап чыгууга тышкы эксперттерди жана иш берүүчүлөрдү тартуу жетишээрлик деңгээлде жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2025-жылдын 1-сентябрына чейин бардык багыттар боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларынын максаттары так аныкталып, толукталып иштелип чыксын.
2. Жыл сайын окуу процессин жакшыртуу, студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо үчүн комплекстүү мониторинг жүргүзүлсүн жана жыйынтыктары ишке киргизилсин.
3. 2025-жылдын 1-сентябрына чейин программанын мазмунун иштеп чыгууга жана кайра карап чыгууга социалдык өнөктөштөрдүн катышуусу менен биргелешкен иш-чаралар уюштурулсун жана берилген сунуштамалар ишке киргизилсин.

**1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.

**Алсыз жактары:**

1. Аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча министрлик тарабынан күндүзгү окуу формасына квоталар бөлүнүп, бирок абитуриенттерди кабыл алуу боюнча көрсөткүчтүн жоктугу.

**Сунуштамалар:**

1. 2025-жылдын 1-сентябрына чейин аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча лицензиялык талаптарды аткаруу максатында күндүзгү окуу формасына бөлүнүп берилген квоталарды толтуруу боюнча чечкиндүү иштерди алып баруу.

**2 – Стандарт аткарылбай жатат**

## 3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо

**Алсыз жактары:**

1. Педагогикалык методдорду, билим берүү формаларын жана технологияларын баалоо үчүн студенттердин пикирлерине мониторинг жүргүзүү жетишсиз.
2. Студенттер арасындагы ар кандай топтордун муктаждыктарын эске алуу жана жеке окуу траекторияларын, академиялык мобилдүүлүктү калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөр толук уюштуруган эмес.

**Сунуштамалар:**

1. Педагогикалык методдорду, билим берүү формаларын жана технологияларын баалоо үчүн студенттердин пикирлерин эске алуу менен системалуу түрдө мониторинг жүргүзүлсүн.
2. 2025-жылдын 1-сентябрына чейин студенттер арасындагы ар кандай топтордун муктаждыктарын эске алуу жана жеке окуу траекторияларын, академиялык мобилдүүлүктү калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөр пландаштырылсын жана ишке киргизилсин.

**3 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал

**Алсыз жактары:**

1. 670300 "Транспорттук процесстердин технологиясы" жана 640200 "Электроэнергетика жана электротехника" программалары боюнча окуу-методикалык куралдарын, көрсөтмөлөрүн иштеп чыгуу боюнча пландаштырылган иш чаралар толук жүргүзүлгөн эмес.
2. 640200 "Электроэнергетика жана электротехника" программасы боюнча профессордук – окутуучулар курамынын сапаттык көрсөткүчүнүн төмөндүгү.

**Сунуштамалар:**

1. 670300 "Транспорттук процесстердин технологиясы" жана 640200 "Электроэнергетика жана электротехника" программалары боюнча методикалык окуу куралдарын, көрсөтмөлөрүн иштеп чыгуу боюнча системалуу иш жүргүзүү сунушталат.
2. 2025-жылдын 1-сентябрына чейин 640200 "Электроэнергетика жана электротехника" программасы боюнча окумуштуулук даражалары бар адистерди жумушка тартуу сунушталат.

**4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар

**Алсыз жактары:**

1. 640200 "Электроэнергетика жана электротехника" программасы боюнча коопсуздук эрежелеринин эскертүүлөрү жана көргөзмөлөрү (электр жана өрт коопсуздугу) берилген эмес.
2. Аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча заман талабына ылайык виртуалдык лабораториялары түзүлгөн эмес.
3. Аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча окуу лабораториялык полигондор түзүлгөн эмес.
4. 670300 "Транспорттук процесстердин технологиясы" программасы боюнча тиешелүү сабактардан лабораториялык канаалар толук түзулгөн эмес..
5. Тиешелүү программалар боюнча окуу усулдук колдонмолордун мамлекеттик тилде жетишсиздиги.

**Сунуштамалар:**

1. Аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча лабораториялык устаканалары эки жылдын ичинде заманбап жабдуулар менен толукталсын.
2. 2026-жылдын 1-январына чейин аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча заман талабына ылайык виртуалдык лабораториялары түзүлсүн.
3. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча окуу лабораториялык полигондор түзүлсүн.
4. 2026-жылдын 1 сентябрына чейин Транспорттук процесстердин технологиясы программасы боюнча лаборатория талапка жооп бере турган, заманбап жабдуулар менен толукталсын.

**5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**6 - Стандарт. Билим берүү программасы боюнча илимий-методикалык жана изилдөө иши (жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары үчүн)**

**Алсыз жактары:**

1. Профессордук-окутуучулар курамынын беделдүү басылмаларда жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча иштер жетишсиз жүргүзүлүүдө.
2. Окуу жараянында жаңы инновациялык технологиялардын жана аталган багытта илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын колдонулбашы.
3. Аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча студенттерди илимий иштерге тартуу жана алар менен биргеликте илимий долбоорлорду алып баруу толук жолго коюлган эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин профессордук-окутуучулар курамы РИНЦ (SCOPUS жана Web of Science) системаларында индекстелген илимий журналдарга макала жазуу, эл аралык программаларга жана фонддорго илимий долбоорлорду жазуу, университеттин атайын каражатынан каржылануучу илимий долбоорлор менен иш алып баруу сунушталат.
2. Окуу жараянын жакшыртуу үчун жаңы инновациялык технологиялардын жана аталган багытта илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын системалуу түрдө колдонуу сунушталат.
3. 2026-жылыдн 1-январына чейин студенттик илимий ийримдерди ачуу, алар үчун илимий конференцияларды уюштуруу жана илимий долбоорлорду жазуу, ар кандай деңгээлдеги илимий көргөзмө-сынактарга катыштыруу сунушталат.

**6- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН БААЛОО

1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
2- Стандарт аткарылбай жатат
3- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
6- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**Аккредитациялык чечимдин долбоору**

**"Баткен мамлекеттик университети" мекемесинин Кызыл-Кыя экономика, укук жана технология институтунун төмөнкү жогорку кесиптик билим берүү программаларын:**

- **670300 Транспорттук процесстердин технологиясы (бакалавр)**
- **640200 Электроэнергетика жана электротехника (бакалавр)**

**3 жылга аккредитациялоону сунуштайт**

**21.05.2025 ж.**